**«Айжамал»**

Сөзү: Мамытбеков Ашымбек

Обону: Мамытбеков Ашымбек

Көп ойлоп дайым өзүңдү,

Жалынга таштайм өзүмдү.

Көңүлдөш курбум болсоң деп,

Айжамал, Айжамал, укчу сөзүмдү.

Кыйнаба мени, жаркыным,

Жыттайын тосчу алкымың.

Кусадар болуп жүрөмүн,

Айжамал, Айжамал, укчу сөзүмдү.

Көзүнө түшсөң башканын,

Убайым тартат жаш жаным.

Ушул ыр сага арналат,

Айжамал, Айжамал, укчу сөзүмдү.